# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

# БААЛОО, ТАНДОО ЖАНА ЖАЙГАШТЫРУУ БОРБОРУ

## СЫНАК АЛУУ БОЮНЧА НУСКООЛОР

**06-ИЮЛЬ, 2025-ЖЫЛ**

**(Сынак алуу боюнча жооптуулар үчүн)**

**Бишкек - 2025**

## СЫНАК ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

### 1. Сынак алуу күнү жана сааты ;

Сынак эки отурумдан туруп, **2025-жылдын 06-июлунда, жекшемби** күнү саат **10:00дө жана 15:00да** эки отурумда өткөрүлөт.

**АБИТУРИЕНТТЕР «СЫНАК БАРАКЧАСЫНДА» КӨРСӨТҮЛГӨН ЖЕРДЕ ЖАНА СААТТА ГАНА СЫНАККА КИРЕ АЛЫШАТ.**

Жалпы сынакка кире турган абитуриенттерди сынак жайларына киргизип, орундарына жайгаштыруу саат **09:00дөн**, ал эми чет тил сынагына кире турган абитуриенттерди сынак жайларына киргизип, орундарына жайгаштыруу саат **14:00дөн** кечиктирилбей башталышы керек.

### 2. Суроо китепчелери

Сынакта төрт түрдүү суроо китепчелери колдонулат. Алар **«А», «Б», «В»** жана **«Г»** вариантында болот. Суроо китепчелеринде берилген суроолор бири-бирине окшош. Абитуриенттердин бири-биринен жоопторду көчүрүп жазышына жол бербөө үчүн жанаша же катар отурган абитуриенттерге ар түрдүү суроо китепчелери берилүүгө тийиш. Суроо китепчелерин сынак алынуучу жайдагы абитуриенттерге **шахмат тартибинде** таратуу зарыл.

Жалпы сынакта табийгый-так жана гуманитардык билимдер боюнча 120 суроо камтылган китепче таратылат. (Англис тили сынагында 60 суроодон турган китепчелер таратылат.)

### 3. Жооп берүү убактысы

Абитуриенттерге орундарына жайгашуу үчүн берилген убакыт суроо китепчелери жана жооп баракчаларына байланыштуу **алдын ала иштер** аткарылып, сынак алынуучу жайдын башчысы **«Сынак башталды»** деп жарыялагандан кийин эсептеле баштайт. Сынактын суроолоруна жооп берүү үчүн 180 мүнөт (3 саат), убакыт берилет. (Англис тили боюнча сынактын мөөнөтү – 90 мүнөт.)

### 4. Жооп баракчалары

Тексттеги суроолорго жооп берүү үчүн абитуриенттерге бир гана жооп баракчасы берилет. Жооп баракчасына керектүү жазуу, цифралар жана белгилер жөнөкөй **кара калем (карандаш)** менен гана жазылышы жана белгилениши керек. Авторучка жана сыя калемдер колдонулбайт. **Жооп баракчасындагы көрсөтүлгөн жерге абитуриентке берилген суроо китепчесинин варианты (А, Б, В** жана **Г) сөзсүз белгилениши керек.** Жооп баракчасындагы абитуриент тарабынан толтурулуучу бөлүктөр тиешелүү тартипте толтурулуп-толтурулбагандыгын текшерүү зарыл.

### 5. Сынакка кирүү үчүн керектүү документтер

Абитуриенттер сынак берүү үчүн сынак баракчасында көрсөтүлгөн имараттагы сынак алынуучу жайга гана кирүүгө милдеттүү. Абитуриенттер сынак алынуучу жайга кирүү үчүн **сынак баракчасын жана паспорт** көрсөтүүгө тийиш. **Сынак аяктаганда абитуриенттерден эч кандай документ жыйналып алынбайт**.

## СЫНАК ЖООПТУУЛАРЫ

Сынак алуу үчүн дайындалган сынак жооптуулары төмөнкүлөр:

### 1. Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусу

Имараттагы сынак алынуучу жайлардын сынакка даярдалышы жана бардык сынак алынуучу жайларда өтө турган сынактардын ушул көрсөтмөлөр боюнча өткөрүлүшү үчүн Студент тандоо жана жайгаштыруу борборунун өкүлү жана анын жардамчылары менен биргеликте жооптуу болуп эсептелет.

Имараттын сынак жооптуусу төмөнкү милдеттерди аткарат:

- **2025-жылдын 05-июлу, ишемби** күнү ***сынак алынуучу имараттын жооптуусу*** менен жолугуп, имараттын сынакка даярдыгын текшерип, кемчиликтери болсо, аларды жоюңуз.
- **2025-жылдын 06-июлу, жекшемби** күнү өзү жооптуу болгон имаратка саат **07:30дан кечикпей** келип, имараттын сынакка даярдыгын акыркы жолу текшерип чыгыңыз.
- Имаратка келген жооптуу кызматкерлерди ***«Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студент кабыл алуу сынагынын жооптуу кызматкерлер тизмесинне»*** каттаңыз жана кызмат бейджиктерин таратыңыз.
- Сынак алынуучу жайдын башчысы же байкоочу өз убагында жумуш ордуна келбеген учурда, алардын ордуна запастагы башчыны жана байкоочуну дайындаңыз.
- Сынак алууга толук даярдык көрүп, кайра келген сынак алынуучу жайдын башчыларына суроо китепчелери салынган баштыктар менен жооп баракчалары салынган пакеттерди Студент тандоо жана жайгаштыруу борборунун өкүлү жана анын жардамчысы менен биргеликте ***Суроо китепчелери менен жооп баракчаларынын пакеттерин өткөрүп берүү протоколун*** толтуруу менен өткөрүп бериңиз.
- Сынак алынуучу жайларга ***Суроо китепчелери менен жооп баракчаларынын пакеттерин*** таратылып бүткөндөн кийин колуңузда калган бош баштыктарды, кошумча жооп баракчалары менен суроо китепчелери салынган пакеттерди ишенимдүү жерде сактаңыз жана аларды зарыл болмоюнча ачпаңыз.
- Абитуриенттердин уюлдук телефону, сумкасы ж.б. буюмдарын **ЖЕКЕ БУЮМДАРДЫ САКТООЧУ ЖАЙЛАРГА** тапшыргандан кийин имаратка келүүгө тийиш. Имараттарда абитуриенттерге тиешелүү эч бир буюм алынбайт. Бирок, кечигип калбашы үчүн адашкан абитуриенттер үчүн түзүлгөн орундары **(адашкандар аудиториясы)** бар имараттардагы экзаменге акыркы мүнөттө келген абитуриенттердин буюмдарын убактылуу сактоого алганга болот.
- Абитуриенттерди чөнтөк телефон ж.б.у.с. байланыш аппараттар менен имараттын ичине киргизбеңиз.
- Сынак жооптууларына уюлдук телефондор жана ушул сыяктуу байланыш каражаттары менен залга кирүүгө **ТОЛУГУ МЕНЕН** тыюу салынат. Бул эрежени сактабаган кызматкерлерге мыйзам чегинде зарыл чаралар көрүлөт. **Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусу** имаратка уюлдук телефондор жана ушул сыяктуу байланыш каражаттары менен келген сынак жооптуларынын буюмдарын сактоого кабыл алууну **Сынак алынуучу имараттын жооптуусуна** тапшырышы керек.
- Сынак башталгандан кийин **15 жана 30 мүнөт** аралыгында кечигип келген абитуриенттерин сынакка киргизилип-киргизилбешин Сынак алынуучу имараттын сынак

жооптуусу катары Сиз аныктай аласыз. Кырдаалга жараша сынак башталгандан кийин алгачкы 30 мүнөт ичинде кечигип келген абитуриенттерди Сынак алынуучу жайдын башчысына уруксат барагын толтуруу аркылуу өткөрүп бериңиз. Бул учурда кечиккен абитуриенттерге сынакта жооп берүү үчүн кошумча убакыт берилбей тургандыгын баса белгилеп эскертиңиз.

- Сынак алуу үчүн дайындалган сынак жооптуулары менен чакан чогулуш кылып, эрежелерди эскертиңиз.
- Мезгил-мезгили менен сынак алынуучу жайларды кыдырып, сынактын эрежелерге ылайык жүргүзүлүп жатканына көз салыңыз.
- Сынак болуп жаткан учурда имараттын ичинде тынтчык өкүм сүрүп туруш керек. Тоскоол болуучу ар кандай үндөрдүн чыкпашы үчүн бардык сынак жооптууларын эскертиңиз. Эгер имараттын тынчтыгын бузган кандайдыр бир үндөр чыкса, аны дароо токтотконго аракет кылыңыз.
- Сынак аяктаганда сынак алынуучу жайдын башчылары алып келген сынак пакеттерин өткөрүп алып, тиешелүү протоколду толтуруңуз.
- Сынак материалдарын иреттеп пакетке салыңыз жана алып келинген баштыктарга салып, университеттин сынак комиссиясына тапшырыңыз.

### 2. Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусунун жардамчысы

Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусунун жардамчысы – сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусу болгон адамга жардам берген кызматкер.

Сынак күнү кызмат ордуна саат **07:30дан** кечикпей келиши зарыл.

### 3. Сынак алынуучу имараттын жооптуусу

Сынак алынуучу **<u>имараттын жооптуусу</u>** Сынак алынуучу **<u>имараттын сынак жооптуусу</u>** менен биргелешип иш алып барат. Сынак күнү саат **07:30дан** кечикпей, кызмат ордунда болушу зарыл.

Имараттын жана сынак жайларынын (дарсканалар, бөлмөлөр ж.б.) сынак алуунун шарттарына ылайык даярдалышын жана **КАТАР НОМЕРЛЕРДИН** берилишин камсыз кылат.

Уюлдук телефондор жана ушул сыяктуу байланыш каражаттары менен имаратка келген сынак жооптууларынын буюмдарын убактылуу сактоого зарыл чараларды көрөт.

### 4. Сынак алынуучу имараттын жооптуусунун жардамчысы

Сынакка кире турган абитуриенттердин саны көп болгон имараттарда Сынак алынуучу имараттын жооптуусуна жардам берүү максатында Сынак алынуучу имараттын жооптуусунун жардамчысы дайындалат.

Сынак алынуучу **<u>имараттын жооптуусунун жардамчысы</u>** Сынак алынуучу **<u>имараттын жооптуусу</u>** жана Сынак алынуучу **<u>имараттын сынак жооптуусу</u>** менен биргелешип иштейт.

### 5. Сынак алынуучу жайдын башчысы

Сынак алынуучу жайдын башчысы – сынак алынуучу жайда эрежелерге ылайык сынак алуу укугу жана жоопкерчилиги жүктөлгөн кызматкер. Сынак алынуучу жайдын башчысынын милдеттери төмөндөгүлөр:

***Сынактан мурун***

- Саат **08:00 дө** өзүңүз жооптуу болгон сынак алынуучу имаратка келип, келгендигиңизди имараттын сынак жооптуусуна билдириңиз.
- Саат **08:30дан** кеч калбай, өзүңүз жооптуу болгон сынак жайына (аудитория) барыңыз.
- Сынак алынуучу жайда сизден мурун кирип алган абитуриенттер болсо, аларды сыртка чыгарыңыз.
- Сынак алынуучу жайдан сынак алууга даярдыгын текшериңиз. Сиз оңдой албай турган кемчиликтер болсо, аларды сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусуна билдириңиз.
- Абитуриенттерди 09:00дөн баштап (экинчи отурумда 14:00дөн), абитуриенттердин документин жана алардын жүзүн документтеги сүрөтү менен Сынак баракчасындагы сүрөттөрүнө салыштырып текшерип чыккандан кийин сынак жайына бир-бирден киргизиңиз. Кандай гана кырдаал болбосун, башка жайда сынак бере турган абитуриенттерди киргизбеңиз.
- Абитуриенттерди **КАТАР НОМЕРЛЕРИ** жазылган орундуктарга отургузуңуз.
- Абитуриенттерди сынак жайына отургузгандан кийин, аларга ***сынак баракчаларын*** жана ***паспортторун*** столдун үстүнө коюп коюшу керек экендигин айтыңыз.
- Сынак алынуучу имараттын сынак жооптусуна барып, керектүү протоколго кол коюп, сиз сынак алуучу жайга тиешелүү сынак материалдарын алып келиңиз. Эгер зарыл болсо, абитуриенттердин суу ичүү, даараткана баруу ж.б.у.с. муктаждыктарын камсыз кылуу максатында жоктоо башталганга чейин бир нече мүнөт убакытка уруксат бериңиз.
- **ЖООП БАРАКЧАЛАРЫ САЛЫНГАН ПАКЕТТИ АЧЫҢЫЗ.** Ичинен сынак алынуучу жайдын ***СЫНАК ПРОТОКОЛУН*** алып, столдун четине коюңуз. Жооп баракчаларын абитуриенттерге таратыңыз.
- Жооп баракчасынын абитуриенттер толтурууга тийиш болгон жерлерин бардык абитуриенттер уккандай үнүңүздү бийик чыгарып, бир-бирден даана окуп бериңиз жана толтурулушу керек болгон жерлерди көңүл коюп, катасыз толтуруу керек экендигин эскертиңиз.
- Жооп баракчалары салынган пакеттеги «**Сынак эрежелерин**» абитуриенттерге үнүңүздү бийик чыгарып окуп бериңиз. Сынак эрежелери ушул нускоонун аягында берилди.
- **СУРОО КИТЕПЧЕЛЕРИ САЛЫНГАН ПАКЕТТЕРДИ АЧЫҢЫЗ. Таратып жатканда А, Б, В** жана **Г вариантындагы суроо китепчелерине көңүл буруңуз.** Катар же жанаша отурган абитуриенттерге ар башка варианттагы суроо китепчелерин таратып бериңиз.
- Абитуриенттерге суроо китепчелерин бир сыйра текшерип чыгуусун эскертиңиз. Эгер барактары кем, чала же бүдөмүк басылган китепчелер бар болсо, алардын ордуна башка суроо китепчелерин алмаштырып бериңиз.
- Берилген китепчелерге абитуриенттердин өздүк номерлерин жана аты-жөнүн жаздырыңыз.
- Жооп баракчалары жана суроо китепчелерине байланыштуу иштер аткарылгандан кийин үнүңүздү бийик чыгарып: **«СЫНАК БАШТАЛДЫ!»-**деп, сынакты баштаңыз. Сынак

башталгандан кийин 15 мүнөткө чейин кечигип келген абитуриенттерди сынакка киргизиңиз.

- Сынак башталгандан кийин 15 мүнөт жана жарым саат аралыгында кечигип келген абитуриенттерди *Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусуна* жибериңиз жана *Сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусу* **уруксат барагын** берген учурда гана абитуриентти сынакка киргизиңиз. Сынактын аягында уруксат барагын сынак жайынын протоколуна тиркеп коюңуз. Кечигип кирген абитуриенттерге кошумча убакыт бербеңиз.
- Абитуриенттерди колуңуздагы сынак жайынын ***абитуриенттерин жоктоо тизмеси*** боюнча жоктоп, **тиешелүү суроо китепчесинин варинтын белгилеп чыгыңыз**.

**<u>Сынак учурунда</u>**

- Сынакка кирбеген абитуриенттер болсо, алардан артып калган суроо китепчелерин санап, толуктап, пакеттин ичине салып, коопсуз жерде сактаңыз жана эч кимге аларды ачып көрүүгө уруксат бербеңиз.
- Абитуриенттердин столдун үстүндөгү өздүк маалыматтарын камтыган документтердеги сүрөттөрдү ошол орунда отурган абитуриентке салыштырып карап чыгыңыз. Жоктомону кайрадан текшериңиз.
- Сынак өткөрүлүүчү жайдын сынак протоколун толтуруңуз. Сынакка кирбеген абитуриенттердин номерлерин жана аты-жөнүн протоколдогу атайын бөлүнгөн жерге жазыңыз. Сынакка кирген жана кирбеген абитуриенттердин санын өзүнчө жазыңыз.
- Сынак учурунда суроолорго жооп берип жаткан абитуриенттердин көңүлүн бөлбөө абдан маанилүү. Андыктан сынак жайында текшерип басып жүргөн учурда кату үн чыгарбаңыз жана бир абитуриенттин жанында узакка турбаңыз. Сынактын жүрүшүндө абитуриенттерди сынак жайынын чет жерлеринде же бурчтарында көзөмөлдөңүз.
- Сынактын аягында абитуриенттерге сынактын аяктагандыгын билдириңиз.

**<u>Сынак аяктаганда</u>**

- Сынак бүткөндө абитуриенттерден жооп баракчаларын жана суроо китепчелерин жыйнап алыңыз.
- Жооп баракчаларын **КАТАР НОМЕРЛЕРИ** боюнча ироттеңиз жана санап чыгыңыз.
- Сынак өткөрүлүүчү жайдын сынак протоколун байкоочулар менен биргеликте көңүл коюп окуп чыгып, талап кылынган маалыматтарды толук, катасыз жазып, кол коюңуз.
- Жооп баракчаларын, жоктомону жана сынак алынуучу жайдын сынак протоколун **жооп баракчалары салынган баштыктан чыккан желим пакетке** салып, жооп баракчаларынын бардыгы пакетке толук салынганын дагы бир жолу текшерип чыккандан кийин анда жазылган көрсөтмө боюнча оозун бекитиңиз. Пакеттин оозу жабылгандан кийин аны кайра ачууга болбойт.
- Суроо китепчелерин баштыктарга салыңыз.
- Сынак бардык материалдардын сынак алынуучу имараттын сынак жооптуусуна эң аз бир байкоочу менен барып, өткөрүп бериңиз.

**Сынак алынуучу жайдын башчылары туш болушу мүмкүн болгон күтүүсүз кырдаалдар**

Сынакта жооптуулар өзгөчө кырдаалдарга туш болушу мүмкүн. Мындай пайда болушу мүмкүн болгон күтүүсүз кырдаалдар жана ал алардан чыгуунун жолдору төмөндө кыскача берилди.

- Сынак мезгилинде башкалардан көчүрүүгө жана башкаларга көчүртүүгө аракет кылган абитуриенттер болушу мүмкүн. Эгер абитуриенттин көчүргөнүн байкап, билип, көрүп калсаңыз, анын колунан суроо китепчесин, жооп баракчасын жана көчүргөнүн далилдеген кагазын (эгер болсо) алып, сыртка чыгарып жибергениңиз эң туура болот. Бирок айрым учурда мындай кылуу туура болбошу да мүмкүн. Себеби көчүргөн абитуриентти сынактан чыгарып жиберүүгө ***сынак алынуучу жайдын башчысы*** укуктуу. Көчүргөндүгү билинген абитуриенттин абитуриенттик номери жана аты-жөнү сынак алынуучу жайдын сынак протоколуна сөзсүз жазылышы керек. Кандайча көчүргөндүгүн кыскача жазып, **«сынагы жараксыз деп эсептелет»** деп белгилеп коюу зарыл.

- Сынакта көчүрбөсө да, эрежелерге баш ийбей, тартипсиздик кылып, сынактын жүрүшүнө тоскоолдук кылгандар болсо, алардын да өздүк документтерин алып, болгон окуяны сынак алынуучу жайдын сынак протоколуна жазып, «сынагы жараксыз деп эсептелет» деп белгилеп коюу керек. Мындай абитуриенттерди да сыртка чыгарып жиберүү зарыл. Мындай кырдаалда ***имараттын сынак жооптуусуна*** билдирип, андан жардам сураса да болот.

- Сынак жооптууларынын арасында сынак эрежелерине баш ийбегендер болсо, бул жөнүндө ***имараттын сынак жооптуусуна*** дароо билдирүү зарыл.

- Абитуриенттердин колундагы сынак баракчасында сиз жооптуу болгон сынак жайынын номери жазылып, бирок, бул абитуриенттин аты-жөнү *абитуриенттерди жоктоо тизмесинде* жок болсо, аны сынакка киргизиңиз. Абитуриенттин аты-жөнүн жана абитуриенттик номерин сынак алынуучу жайдын *сынак протоколуна* жазыңыз. Мындай абалдагы абитуриенттерге бериле турган суроо китепчеси менен жооп баракчасын сынак алынуучу *имараттын сынак жооптуусунан* сынак *алынуучу жайдын башчысы* алат.

- Абитуриенттер кээ бир суроолордун туура эмес же туура жооптун жок экендигин айтышы мүмкүн. Мындай учурда сынак алынуучу жайдын башчысы: «*Жаңылыштыктар болушу дээрлик мүмкүн эмес. Ката болгон күндө да биз өз ишибизди аткарышыбыз керек. Силердин ишиңер – ар бир суроонун туура жообун табууга аракет кылуу жана туура деп эсептеген жоопторду белгилөө*»,-деп, абитуриенттерге түшүндүрүп, алар менен талашып-тартышпоо керек.

- Сынак мезгилинде абитуриенттердин жеке мукатаждыктарынан улам келип чыккан жана бул нускоодо көрсөтүлбөгөн, белгиленбеген кырдаал түзүлгөн учурда сынак алынуучу жайдын башчысы сынактын негизги принциптерин, эрежелерин бузбай, керектүү чечим кабыл алууга укуктуу.

- Абитуриенттердин өздүк маалыматтары документтеринен көчүрүлүп жазылып жаткан учурда сынак баракчасында же тизмеде абитуриенттин аты же фамилиясынын айрым тамгалары түшүрүлүп же бириктирилип жазылып калышы мүмкүн. Мындай каталар өтө маанилүү деп эсептелбейт.

- Документтерди текшерүү учурунда төмөнкү учурлар абитуриенттердин сынакка кирүүсүнө **тоскоол боло албайт**:

  а) абитуриенттин аты, фамилиясы же атасынын атында бир тамга кем же ашыкча, айрым тамгалардын ордуна башка тамгалар жазылып калышы мүмкүн;

б) абитуриенттин фамилиясы жана аты орун алмашып жазылып калышы.

в) Кээ бир абитуриенттин аты-жөнү латын тамгасы менен жазылышы мүмкүн.

## 6. Байкоочу

Байкоочу сынак алынуучу жайдын башчысына баш ийип, өзү жооптуу болгон сынак жайда сынактын эрежелери боюнча өткөрүлүшүнө көз салат. Өздүк документтерди текшерүүдө, сынак материалдарын абитуриенттерге таратууда жана аларды кайра жыйноодо *сынак алынуучу жайдын башчысына* жардам берет. Сынак боло турган күнү саат **08:00дөн** кеч калбай, өзү жооптуу болгон сынак алынуучу имаратка келип, *имараттын сынак жооптуусуна* жана *сынак алынуучу жайдын башчысына* келгендигин билдириши керек.

## СЫНАК ЭРЕЖЕЛЕРИ

1. Уюлдук телефонуңузду жана башка байланыш каражаттарын **ЖЕКЕ БУЮМДАРДЫ САКТООЧУ ЖАЙЛАРГА** тапшырыңыз. Эгерде телефонуңузду жана башка байланыш каражаттарын сыртка тапшырбай сынак өтүүчү жайга алып келген болсоңуз, аны Сынак алынуучу жайдын башчысына тапшырыңыз.
2. Сынак баракчасына жана суроо китепчесине керектүү ар кандай маалыматтарды жазууда, белгилерди белгилөөдө жөнөкөй **кара калем (карандаш)** гана колдонулат. Авторучка жана сыя толтуруучу калемдерди колдонууга болбойт.
3. Жооп баракчасын бырыштырбагыла, айырбагыла.
4. Жооптор жооп баракчасына гана белгилениши керек. Туура жооптор белгиленүүчү тегерекчелер сыртына чыгарылбай, караланып боёлсун. Суроо китепчесине белгиленген жооптор жараксыз деп эсептелет.
5. Сынак учурунда, кандай гана себеп болбосун, сыртка чыгып, кайра кирүүгө тыюу салынат. Сыртка чыккан абитуриенттер кайра сынакка киргизилбейт.
6. Сынактын башынан аягына чейин сынак алуучу жооптуулар менен сүйлөшүүгө жана аларга суроо берүүгө болбойт. Сынак жооптууларынын да абитуриенттерге жакын келип, алар менен шыбырашып сүйлөшүүсүнө, абитуриенттердин бири-биринен калем, өчүргүч ж.б.у.с. нерселерди алып-берүүлөрүнө тыюу салынат.
7. Сынак учурунда сынак жооптууларынын бардык эскертүүлөрүнө баш ийүүгө тийишсиз. Сынактын жарактуу деп табылышы, баарынан мурда, сиздин сынак эрежелерин бузбай сакташыңызга байланыштуу болот.
8. Сынак учуранда көчүргөн, көчүрүүгө аракет кылган, көчүрткөн, көчүртүүгө жардамдашкан абитуриенттердин өздүк маалыматтары *сынак протоколуна* жазылат жана бул абитуриенттердин сынагы жараксыз деп табылат. Жооптуулар көчүрүүгө же көчүртүүгө аракет кылгандарга эскертүү жасоого милдеттүү эмес. Жоопкерчилик өзүңүздүн гана мойнуңузда. Абитуриенттердин суроолорго берген жооптору маалыматтарды компьютердик технология аркылуу иликтөө ыкмалары менен текшерилет. Бул иликтөөлөрдөн алынган маалыматтардын жыйынтыгында бир же бир нече абитуриенттин биргелешип көчүргөнү белгилүү болсо, анда алардын жоопторунун бир бөлүгү же баары жокко чыгарылат.
9. Сынак учурунда абитуриенттердин сөздүк, эсептөөчү машиналар ж.б. жардамчы каражаттарды колдонуусуна, сынак жайына кабарлашуу, маалымат алуу каражаттарын алып кирүүсүнө тыюу салынат. Абитуриенттер кабарлашуу каражатын сынак алынуучу жайдын башчысына тапшыргандан кийин гана сынакка киргизилет.

**10.** Суроолордун жоопторун жогоруда белгиленген убакыттан эрте белгилеп бүтүрсөңүз, суроо китепчесин жана жооп баракчасын сынак алынуучу жайдын жооптууларына тапшырып, чыга берсеңиз болот.

**11.** Суроолордун жоопторун эрте белгилеп бүткөн абитуриенттерге сынак башталгандан кийинки **Жалпы сынактын алгачкы 120 мүнөтү (12:00го чейин), Англис тили сынагынын алгачкы 60 мүнөтү (16:00го чейин) ичинде жана сынактын бүтүшүнө 15 мүнөт калганда** сыртка чыгууга уруксат берилбейт.

**ЭСКЕРТҮҮ!**

Сынак учурунда *сынак алынуучу жайдын башчысына* жана *байкоочуларга,* өтө зарыл болбосо, сынак алынуучу жайдан сыртка чыгууга, башка сынак алынуучу жайларга кирүүгө уруксат берилбейт.

***Сынактын эрежелерге ылайык өтүшү үчүн көрсөтө турган аракетиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз.***

***Жооптуулар:***

***Проф. Док. Эржан ЧЕЛИК*** (+996) 997 78 80 25

***Доценттин м.а. PhD Мирзат РАКИМБЕК УУЛУ*** (0552) 22 88 31, (0770) 44 84 64

***Доценттин м.а. PhD Руслан Адил Акай Тегин*** (0554) 94 39 99

Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу
борборунун жетекчилиги